

# САНАРИПТИК ИННОВАЦИЯ: GOOGLE FOR EDUCATION ПИЛОТТУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА СУНУШТАР

**Август педагогикалык форуму**

**Ош, 18-19-август 2025-ж.**


Алмагүл Осмонова
Айгерим Жолчубекова


**#билимберүү**
**#санариптешүү**
**#инновация**

TAALIM FORUM
ТААЛИМ ФОРУМ

TAALIM FORUM

ТААЛИМ ФОРУМ

*Google for Education куралдарын мектептик билим берүүдө пилоттук долбоору Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин, Google жана iCORE Ltd компанияларынын, «Мугалим» уюмунун жана Бишкек ЭВМ заводунун колдоосу менен ишке ашырылды, ал эми пилоттун анализин «Таалим-Форум» коомдук фонду жүргүздү.*




# ПРЕЗЕНТАЦИЯНЫН СТРУКТУРАСЫ

- Доолбор жөнүндө
- Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары
- Инновацияны жайылтуу боюнча сунуштар



# ПРОЕКТ ЖӨНҮНДӨ

## Баштапкы этап

Мугалимдерди жана окуучуларды окутуу, мектепти техника менен камсыз кылуу (ноутбук, 100 хромбук) жана интернет байланышын жакшыртуу. Баштапкы (алдын ала) сурамжылоолор мугалимдер, окуучулар жана алардын ата-энелери арасында өткөрүлдү.


## Негизги этап

Google куралдарын окутуу процессине интеграциялоо. Санариптик жабдыктарды класстарда колдонуу. Сабактарды байкоо

## Жыйынтык этап

Натыйжаларды чыгаруу жана тааныштыруу (Министрлик, Google, iCORE, «Бишкек ЭВМ заводу» ж.б.). Пост-сурамжылоолор, маектер жана фокус-топтор. Маалыматтарды анализдөө жана отчет даярдоо.

# ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ




**Сандык маалыматтар**

**онлайн-сурамжылоолор (Google Forms), ар кандай предметтин мугалимдери, 7–11-класстын окуучулары, ата-энелер**

**Сапаттык маалыматтар**

**Мугалимдер менен маектер (4) жана фокус-топтор (2), сабактарды байкоо (4)**

# МАКСАТТУУ ТОПТОР

**№35 мектеп, Бишкек шаары**,
Окуучулар – 562, мугалимдер – 38
(2024/25-окуу жылы)

## Мугалимдер

30 мугалим окутулду, алардын ичинен **22–24**ү Google куралдарын активдүү колдонушкан (эн аз колдонгондор – дене тарбия, музыка, сүрөт, технология мугалимдери)

## Окуучулар

**233** окуучу (7–11 класстар)
Алдын ала сурамжылоо – **217**, жыйынтык сурамжылоо – **176**.

## Ата-энелер

Алдын ала сурамжылоо – **122**, жыйынтык сурамжылоо – **104**



# ИЗИЛДӨӨ СУРООЛОРУ

1 **Мугалимдердин** Google for Education куралдарын окутууда колдонууга **даярдык даражасы** кандай жана алар санариптик окутууга өтүүнү кантип кабыл алышат?

2 **Окуучулар** билим берүү процессинде Google куралдарын колдонууну кантип кабыл алышат? Алардын **мотивациясы**, катышуусу жана пикири боюнча — окуудагы жетишкендиктери кантип өзгөрөт?

3 **Ата-энелердин** мектептик билим берүүнүн санариптик трансформациясына болгон көз караштары кандай жана алар балдарын технологияларды колдонуу менен окутууга өтүү процессинде колдоого канчалык деңгээлде даяр?




# ИННОВАЦИЯГА ДАЯРДЫКТЫ БААЛОО

- Google куралдарын колдонуудагы ишеним деңгээли;
- аларды окуу иш-аракетинде колдонуу жыштыгы;
- ар кандай Google колдонмолорун өздөштүрүү даражасы;
- техникалык жана уюштуруучулук тоскоолдуктар;
- кызматташууга жана тажрыйба алмашууга даярдык;
- санариптик даярдыктын жалпы индекси.

# НЕГИЗГИ НАТЫЙЖАЛАР: МУГАЛИМДЕР

- Пилоттук долбоорго катышуу **мугалимдердин санариптик көндүмдөрүн өркүндөттү**.
- Куралдарды **өздөштүрүү индекси жогору** (**4.2–4.6**) болуп, бул технологияларды колдонууда ишенимдин артканын жана санариптик жаңылыктарды оң кабыл алганын көрсөтөт.
- Мындан аркы колдонууга даярдык индекси (**4.4**) мугалимдердин күнүмдүк педагогикалык ишинде технологияларды пайдаланууга **жогорку мотивация**сын чагылдырат. **71%** мугалим ар бир сабакта куралдарды колдонууну пландаштырууда.
- Сабактар **кызыктуу**, **көрнөктүү** жана окуучулардын муктаждыктарына ылайыкташкан болду.
- Мугалимдер күнүмдүк жана административдик иштерге кеткен **убакыт** кыйла кыскарганын белгилешти.
- Google куралдары мугалимдер тарабынан **ыңгайлуу жана заманбап** билим берүү үчүн стратегиялык мааниге ээ деп бааланды

# НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР: ОКУУЧУЛАР

- **Окуучулар Google куралдарын жакшы өздөштүрүштү** (өздөштүрүү индекси – **4.2**). Пилоттук долбоор маалында санариптик куралдарды колдонуу жыштыгы байкаларлык деңгээлде өстү.
- Окуучулардын **даярдык индекси** (**4.3**) санариптик куралдарды окууда пайдаланууга болгон жогорку ишенимди чагылдырат.
- Сабактардагы мотивация жана активдүүлүк боюнча өзүн-өзү баалоо жогорулады. **77%** окуучу түзмөктөр окуудагы жетишкендиктерине оң таасир эткенин, өз алдынча иштөө жана команда менен иштөө көндүмдөрү өнүккөнүн белгилешти.
- Окуучулар **окутуунун ыкмасында,** окуу процессин уюштурууда жана пикир алышуу мүмкүнчүлүгүндө **өзгөрүүлөр** болгонун айтышты.

# НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР: АТА-ЭНЕЛЕР

- **75%** ата-эне билим берүүнүн санариптешүүсүн колдойт.
- Негизги тынчсыздануулар: экран алдында өткөргөн убакыт, коопсуздук маселелери жана түзмөктөргө жеткиликтүүлүк.
- **51%** үй-бүлө каржылык мүмкүнчүлүктөрдүн чектелгендигинен улам баласына ноутбук сатып алууга шарты жок экенин билдиришти.



# НЕГИЗГИ ЧАКЫРЫКТАР

- **Интернеттин ылдамдыгы**, класстарды уюштуруунун ыңгайлашпаган форматы
- Катышуучулардын **санариптик сабаттуулук** деңгээлинин ар түрдүүлүгү жана баштапкы кыйынчылыктар
- Окуучулардын катышуусун көзөмөлдөө, жүрүм-турум жана этика маселелери (плагиат, жасалма интеллект, бөтөн сайттар)
- **Методикалык боштук** — куралдарды ар түрдүү предметтерге ылайыкташтыруу зарылдыгы

# СУНУШТАР

1. **Инноваторлор жана насаатчылар**: ар кандай предметтин мугалимдеринин арасынан «Google Мугалим» сертификатына ээ болгон мастер-тренерлердин туруктуу коомчулугун калыптандыруу.

2. **Инфраструктураны жана санариптик жеткиликтүүлүктү өнүктүрүү:** интернеттин сапатын жана туруктуулугун жакшыртуу, мектептерди керектүү жабдуулар менен камсыз кылуу. Мугалимдерди практикалык колдоо жана окутуу үчүн регионалдык компетенция борборлорун түзүү.

3. **Педагогдордун кесиптик өнүгүү саясатына интеграциялоо:** Google куралдарын колдонууну окутуу курсун квалификацияны жогорулатуу жана педагогикалык билим берүү программаларына киргизүү. Google сертификациялык программаларын аттестациянын формалдуу системасынын бир бөлүгү катары жайылтуу.

# СУНУШТАР

4 **Мамлекеттик саясатты билим берүүнүн санариптешүүсүнө ылайыкташтыруу**: санариптик чечимдерди активдүү киргизген мектептерди колдоо үчүн стимулдаштыруучу чараларды киргизүү; санариптик көндүмдөрдү билим берүү стандарттарына жана сапатты баалоо критерийлерине кошуу.

5 **Инновацияны жайылтуу:** Google for Education тажрыйбалары боюнча демонстрациялык сабактарды жана ачык иш-чараларды өткөрүү, ошондой эле ар түрдүү мектептерде баскычтуу пилоттук долбоорлор аркылуу кеңейтүү

# НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР

- Google for Education  мугалимдердин **кесиптик өнүгүүсүнө  түрткү берүүчү фактор** болууда
- Пилоттук долбоор — бул жөн гана «сынап көрдүк жана жакты» деген эмес, ал **масштабдоо үчүн зарыл болгон негизги шарттарды изилдөө болду**
- Чакырыктар инновацияны натыйжалуураак киргизүү үчүн **багыттарды көрсөтүп турат**
- **Технологиялар күнүмдүк окутуу процессине жигердүү кирди**, мугалимдер шыктанып, андан ары өнүгүүгө даяр, бирок аларга колдоо керек
- **Жайылтуу үчүн колдоо экосистемасы маанилүү**: инфраструктура + методика + коштоо
- **Жайылтуу  жана туруктуу өнүктүрүү мүмкүн болот**, эгерде технологиялар максат катары эмес, педагогикалык маселелерди чечүүдөгү натыйжалуу курал катары колдонулса.




# №35-МЕКТЕПТИН ТАЖРЫЙБАСЫ — ИННОВАЦИЯНЫ КЕҢИРИ ЖАЙЫЛТУУДА ЭСКЕ АЛЫНА ТУРГАН МААНИЛҮҮ БАГЫТ БОЛУП САНАЛАТ



Таалим-Форум коомдук фонду

📧taalimforum@gmail.com
📧 taalim.communications@gmail.com

+996-312-298681 (офис)

**КӨҢҮЛ БУРГАНЫҢЫЗДАРГА ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРЕБИЗ!**

TAALIM FORUM ТААЛИМ ФОРУМ